Бизнес
Ассоциация
JIA

# JIA Бизнес-ассоциациясынын 2024-жыл үчүн отчету

**Vision**

Ар бир үй-бүлөдө бирден жашыл экспортер

**Миссия**

Кыргыз Республикасынын жигердүү өнүгүсүү үчүн ишкерлердин инновациялык социалдык жоопкерчиликтүү жана ачык коомчулугун өнүктүрүү

# Мазмуну

Бизнес
Ассоциация
JIA


- JIA Кыргызстан ишкерлерин бириктирүүдө
- JIA Бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директору
- Кеңешме-консультативдик аянтчаларда өкүлчүлүк
- JIA өнөктөштөрү менен кызматташууну бекемдөө максатында меморандум түзүлдү
- Комитеттер жана клубтар
- Ишкердикти жакшыртууга багытталган иш-чаралар
- Ишкердикти колдоо борбору (ИКБ) – ЕККУнун колдоосу менен аймактарда консалтинг кызматын көрсөткөн борбор
- Айым ишкерлерди колдоо: жетишкендиктер жана долбоорлор
- BIF 2024 – Борбордук Азияда инвестицияларды тартуу жана бизнес өнүктүрүү үчүн башкы аянтча
- Эл аралык иш сапарлар
- Ишкердикти колдоо борбору (ИКБ)
- «Кыргызстанда жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» программасы
- БУУӨПтүн Финляндия Өкмөтү каржылаган «Соодага көмөк көрсөтүү» долбоору
- «Борбордук Азиядагы социалдык диалог» эл аралык долбоору
- Жаштарды колдоо
- Адвокация - ишкерлердин кызыкчылыктарын коргоо
- Медиа жана PR-активдүүлүк

Бизнес Ассоциация JIA

# JIA Кыргызстан ишкерлерин бириктирүүдө!

JIA бизнес-ассоциациясы Кыргыз Республикасынын өнүгүүсү үчүн ишкерлердин инновациялык, социалдык жоопкерчилик-түү жана ачык коомун өөрчүтүүнү көздөгөн коммерциялык эмес уюм. JIA 18 жылдан ашык убакыттан берки ишмердүүлү-гүндө өзүн өлкөнүн бизнес коомчулугунун ишенимдүү өнөк-төшү катары көрсөттү.

Ассоциация Кыргызстанда гана эмес, анын чегинен сырткары дагы 1400дөн ашык компанияларды, чакан, орто жана ири бизнести бириктирип келүүдө. Анын 34%ын айым ишкерлер түзөт. JIA 2006-жылы республиканын бизнесмендеринин демилгеси менен түзүлгөн. Бүгүнкү күндө бул тармактык комитеттер, клубдар, ишкердикти колдоо борборлору жана мыкты адистери бар көп секторлуу уюм катары ишмердүү-лүгүн жүргүзүүдө.

Бизнес Ассоциация JIA

## *Урматтуу JIA мүчөлөрү,*
## *өнөктөштөр жана достор,*

2024-жыл биз үчүн жаңы жетишкендиктердин жылы болду. Бул жылы биз ишкерлерди колдоону, инвестицияларды тартууну жана экономиканын ар кайсы тармактарында жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү активдүү уланттык.

- Өткөн жылы ассоциацияга жаңы мүчөлөр кошулду. Алардын саны дагы да артып, бизнестин үнүн бекемдоого шарт түзүлдү.

- Инвестициялык долбоорлорду өнүктүрүүдө активдүү иш алып бардык. BIFтин алкагында өлкө боюнча 80ге жакын бизнес-долбоор келип түшүп, 40 бизнес-долбоор атайын BIFтин каталогуна киргизилди. Бишкек Инвестициялык Форуму (BIF) аркылуу 4,8 млрд сомго жакын инвестициялык сунуштар тартылды.

- Бизнести колдоо программаларынын алкагында ишкерлер үчүн 300дөн ашуун тренинг, консалтингдик сессиялар, иш-чаралар өткөрүлдү. Ага өлкө боюнча 13000ге жакын ишкерлер катышып, иш-чаралардын 60%ы бизнести агартууга багытталды.

- Өнөктөштүктү бекемдөө багытында эл аралык жана жергиликтүү уюмдар менен келишимдер түзүлүп, жаңы долбоорлор ишке кирди. JIA 2 консультативдик кеңешке мүчө болду жана кызматташуу максатында 11 өнөктөштөр менен меморандум түзүлдү.

- Эл аралык иш сапарлар уланып, JIA ишкерлери Европа, Кытай, Америка, Япония, Индияга жана кошуна Өзбекстан жана Казакстандын бизнес коомчулугу менен таанышууга мүмкүнчүлүк алды.
- Аймактардагы жаштарды жана айым ишкердикти өнүктүрүүгө багытталган өнөктөштөр менен чогуу менторлук программа ишке кирди.
- Биз бул жылы жашыл экономикага жана туруктуу өнүгүүгө басым жасаган жаңы демилгелерга басым жасадык. Жашыл консультант, жашыл ишкер айым жана жашыл толкун айлана-чөйрөнү коргоо жана жаңылануучу ресурстар аркылуу бизнести өнүктүрүүгө салым кошууда.

Албетте, бул жетишкендиктердин артында сиздердин колдоо жана биргелешкен аракеттериңиздер турат. Биз 2025-жылы дагы да чоң ийгиликтерге жетишүү үчүн ишмердүүлүгүбүздү улантабыз.

JIA Кыргызстандын ишкер коомчулугунун үнү катары, бизнестин туусун бийик көтөрүп, өлкөбүздүн экономикалык өнүгүүсүнө салым кошууга умтулат.

**Ийгиликтүү ишкер — өнүккөн өлкө!**



**Аззамбек Жээнбай уулу**

*JIA Бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директору*

# Эл аралык жумуш берүүчүлөр уюмунун расмий мүчөсү

Бизнес
Ассоциация
JIA

IOE

INTERNATIONAL ORGANISATION EMPLOYERS

- Дүйнөдөгү бизнес-ассоциалярды бириктирген глобалдык деңгээлдеги формалдуу жалгыз аянтча;
- 143 өлкөдөн 150 улуттук бизнес-ассоциялар мүчө;
- Бириккен улуттар уюму (UN), G20 ишкердикке тиешелүү күн тартибин IOE'ден алат;
- JIA Кыргызстандын атынан инвестиция тартуу, башка өлкөлөр менен тажрыйба алмашуу, ишкердикти өнүктүрүү боюнча иш-чараларга катышат.

# Кеңешме-консультативдик аянтчаларда өкүлчүлүк




- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдында Инвестициялык кеңеш
- Соода жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү боюнча кеңеш
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасына караштуу Бизнести жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча кеңеш
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын алдындагы  Миграция, мекендештер жана чет өлкөлөрдөгү диаспора маселелери боюнча кеңеш
- Бизнес-ассоциациялардын Улуттук альянсы
- Бишкек шаарынын мэриясынын алдындагы ишкердик чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча кеңеш
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеш
- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын алдында ишкерлердин жана инвесторлордун укуктарын коргоо боюнча Консультативдик кеңеш
- Кыргыз-Германия ишкердик кеңеши
- КРнын Жогорку сотунун алдындагы ишкерлердин укуктарын коргоо боюнча мониторингдик группа

Бизнес
Ассоциация
JIA

- Германия эл аралык кызматташуу коомунун (GIZ) “Жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү” долбоорун ишке ашыруу боюнча Байкоочу кеңеши
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Электрондук башкаруу жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү боюнча Кеңеш ("Таза Коом")
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик бажы кызматынын Консультативдик кеңеши
- Кыргыз Республикасынын ак ниет ишкерлеринин реестрин жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын ишкердик субъекттерин тандоо боюнча туруктуу ведомстволор аралык комиссиясы
- Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлигинин алдындагы Аялдардын ишкердигин өнүктүрүү боюнча Консультативдик кеңеш
- Кыргыз Республикасынын жаштар саясатын өнүктүрүү боюнча Жаш ишкерлердин Координациялык кеңеши



# JIA өнөктөштөрү менен кызматташууну бекемдөө максатында меморандум түзүлдү:

Бизнес Ассоциация JIA

- Кытай Республикасында Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин алдында түзүлгөн Соода өкүлчүлүгү менен меморандум.
- «Кыргыз Республикасынын мөмө-жемиш өндүрүүчүлөр ассоциациясы» менен меморандум.
- ТОО «DEinternational Kasachstan» («ДЕинтернейшнл Казахстан») менен меморандум.
- Кытай Эл Республикасынын Сиань шаары менен кызматташтык боюнча меморандум.
- Шэньси провинциасы менен кызматашуу боюнча меморандум.
- «Kyrgyz Concept Academy» ЖЧКсы менен кызматташтык жана өз ара аракеттенүү боюнча меморандум.
- Бизнес-консалтингдик “Huahe International” компаниясы менен кызматашуу боюнча меморандум.
- Ага Хан фондунун Кыргыз Республикасындагы филиалы (Joop Bar) менен кызматташтык тууралуу меморандум.
- Тюрингиянын Мамлекеттик Өнүктүрүү Корпорациясы менен кызматашуу боюнча меморандум.
- Корея Республикасынын Chungbuk Technopark уюму менен кызматашуу боюнча меморандум.
- Кореянын World OKTA Ассоциациясы менен кызматашуу боюнча меморандум.






# Комитеттер жана клубдар

Тармактык комитеттер - бул тармактык адистик-аналитикалык аянтчалардын тутуму. Комитеттердин негизги милдети – белгилүү бир сектордун ишкерлеринин өз ара аракеттенүүсү, ой-пикирлерин, тажрыйбаларын жана маалыматтарын алмашуу үчүн ар кандай форматтагы үзгүлтүксүз жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү. Бул жерде бизнестин айрым секторун өнүктүрүүнүн негизги маселелери талкууланат жана чечилет. Мындан сырткары, жолугушуулар бизнестин кызыкчылыктарын илгерилетүү жана коргоо максатында мамлекеттик институттардын өкүлдөрү менен да өткөрүлөт.

Бизнес Ассоциация JIA

## Учурда JIАда төмөнкү тармактарда комитеттер иш алып барууда:

- Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба комитети
- Жеңил өнөр жай комитети
- Билим берүү комитети
- Өндүрүш жана соода комитети
- Жашыл экономика комитети
- Айым ишкерлер комитети
- Транспорт жана логистика комитети
- Кызмат көрсөтүү комитети
- Консалтинг кызматтары комитети
- Маалыматтык технологиялар (IT) комитети
- Туризм жана HoReCa комитети

JIA клубдары – бул ассоциациянын мүчөлөрүн бирдиктүү кызыкчылыктары бар топторго бириктирүү. Бул ассоциациянын мүчөлөрүнүн ички өз ара мамилелери үчүн үзгүлтүксүз формалдуу жана формалдуу эмес жолугушууларынын аянтчалары. Учурда JIАда Жаштар клубу бул багытта активдүү иш алып барып, ай сайын бизнес эртем, спорттук иш-чараларда жолугуп турууда.




Бизнес Ассоциация JIA

# Ишкердикти жакшыртууга багытталган иш-чаралар

2024-жылы JIA Кыргызстан боюнча ишкердикке багытталган 300дөн ашуун иш-чара өткөрдү. Анын ичинде тренинг-семинарлар, кыска мөөнөттүү окутуулар жана ишкерлердин көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган мамлекеттик жана эл аралык мекемелер менен жолугушуулар орун алды. Жалпысынан JIA уюштурган бул иш-чараларга 13000ге жакын киши катышты.

- Бизнести агартуу кербени ишкерлерге салык, эмгек мыйзамдары, мамлекеттик жана жергиликтүү саясаттагы жаңы талаптарды түшүнүүгө жардам берген мыкты иш-чара.
- «Green Waste EXPO 2024» форуму калдыктарды башкаруу боюнча бизнес-идеялар жана биргелешкен демилгелер;
- “Жашыл экономика” форуму туруктуу өнүгүүгө, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга жана адам баласынын айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирин азайтууга багытталган.
- BIF 2024 – Борбордук Азияда инвестицияларды тартуу жана бизнес өнүктүрүү үчүн башкы аянтча.

Бизнес Ассоциация JIA




# Ишкердикти колдоо борбору (ИКБ) – ЕККУнун колдоосу менен аймактарда консалтинг кызматын көрсөткөн борбор

ИКБ аймактардагы ишкердикке кызыккан, жаңыдан бизнес баштагандарды жана чакан-орто ишкерлерди колдоо максатында иш алып барат. 2024-жылдын ичинде маркетинг, бизнес, каржы, юридикалык жана PR & SMM тармактарында 2200дөн ашуун консультациялык колдоо көрсөтүлдү. Алардын 1000ден ашууну айым ишкерлерге багытталды. Учурда борбордо 21 консультант чакан жана орто бизнес өкүлдөрүнө консультациялык колдоо көрсөтүп келүүдө.



Бизнес
Ассоциация
JIA

# Айым ишкерлерди колдоо: жетишкендиктер жана долбоорлор

JIA айым ишкерлерди колдойт. Айым ишкерлер комитети – аялдардын ишкердик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багыттталган натыйжалуу платформа. Анын алкагында 2024-жылы өлкөнүн 7 облусунда "Бизнес Айым Кербени" форуму уюштурулду.

Ошондой эле, JIAнын айым ишкерлери Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин алдында түзүлгөн Консультативдик кеңешке мүчө болуп кирди. Бул кеңештин алкагында төмөнкү үч негизги багытта жүргүзүлгөн ишмердүүлүккө JIA айым ишкерлери катышууда :

- Кыргызстандын жарандарына мамлекеттик каржылык программалар боюнча маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.
- Аялдардын ишкердик мүмкүнчүлүктөрүн медиа аркылуу жайылтуу жана илгерилетүү.
- Кыргыз Республикасындагы аял ишкерлердин потенциалын жогорулатуу боюнча талкууларга жана иш-чараларга катышуу.

Мындан тышкары, JIA Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (БУУӨП) менен биргеликте аймактардагы айым жана жаш ишкерлерди колдоого багытталган менторлук программаны ишке киргизди. Долбоордун алкагында 54 аял ишкер менторлук колдоого ээ болуп, алардын ичинен 30у грант утуп алды.

ИКБ аркылуу Талас жана Ош облустарында ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин каржылык колдоосу менен "Айымдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү" долбоору ишке ашырылууда. Анын алкагында 31 айым ишкерге 200 000 сомго чейинки суммага жабдуулар берилди.












Бизнес
Ассоциация
JIA

# BIF 2024 – Борбордук Азияда инвестицияларды тартуу жана бизнес өнүктүрүү үчүн башкы аянтча.

Форум катышуучуларга өнөктөштүк байланышты кеңейтүү гана эмес, эл аралык эксперттер менен инвесторлорду тартуу аркылуу дүйнөлүк рынокторго чыгууга да мүмкүнчүлүк берет.

BIF 2024 сандар менен: Таасирдүү натыйжалар

- Тартылган инвестициялардын көлөмү: 186 170 000 АКШ доллары
- Жарыяланган долбоорлордун саны: 1126
- Каталогго кирген долбоорлор: 231
- Презентацияда көрсөтүлгөн чемпион долбоорлор: 44
- Катышуучулардын жалпы саны: 5700
- Инвестиция алган компаниялардын саны: 370
- Жалпы катышуучулардын саны 1500 ишкерди түздү.

2025-жылы Инвестор менен ишкерди жолуктурган платформа ишке кирүү алдында турат.

Бизнес
Ассоциация
JIA





# Эл аралык иш сапарлар

JIA ишкерлеринин кызматташуусун жакшыртуу жана тажрыйба алмашуу максатында Германия, Италия, Швейцария, АКШ, Япония, Индия өлкөлөрүнө иш сапар уюштурулуп, 100гө жакын ишкер катышты. Ал эми жакынкы Өзбекстан, Казакстан жана Россия өлкөлөрүнө 200дөй ишкерлер барып келди.

Бизнес
Ассоциация
JIA

# Ишкердикти колдоо борбору (ИКБ)




Ишкердикти колдоо борбору (ИКБ) ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсеси менен чогуу Баткен, Ош, Жалал-Абад, Талас жана Ысык-Көл облустарындагы чакан жана орто бизнес өкүлдөрүн консултациялык колдоо 2019-жылдан бери ишке ашууда.









Бизнес
Ассоциация
JIA




# «Кыргызстанда жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» программасы

JIA бизнес-ассоциациясы BMZ, ЕС жана Швейцариянын Өкмөтү менен тарабынан каржыланып GIZ тарабынан ишке ашырылып жаткан «Кыргызстанда жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» программасы 2024-жылы ишке кирди.

Бизнес Ассоциация JIA

Программанын алкагында Жашыл консультант, жашыл толкун жана жашыл ишкер айым компоненттеринин 1 фазасы жыйынтыкталып, 2 фаза ишкер ашырылууда:

**Жашыл ишкер айым** туруктуулукка жана жашыл практикага салым кошууга кызыккан ишкер айымдар үчүн. Компонент айым ишкерлердин бизнесине жашыл технологияларды жана экологиялык чечимдерди киргизүү мүмкүнчүлүгүн сунат.

**Жашыл толкун** Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын жана кесиптик лицейлердин жогорку курсунун студенттерин жашыл экономика жана туруктуу өнүгүү темасына арналган программа. Долбоордун алкагында студенттер 7 күндүк практикалык семинарлар жана экология тармагында иш алып барган алдыңкы ишканаларга экскурсиялар уюштурулат. Жыйынтыгында студенттер өздөрүнүн жашыл бизнес долбоорлорун сунуштайт.

**Жашыл консультант** -Кыргызстандагы бизнестин жашыл жана туруктуу болушуна жардам берүү үчүн тренерлерди окутуу (ТОТ) программасын сунат.

Бизнес
Ассоциация
JIA




# БУУӨПтүн Финляндия Өкмөтү каржылаган «Соодага көмөк көрсөтүү» долбоору

Айымдар жана жаштарды колдоого багытталган ментордук программа БУУӨПтүн Финляндия Өкмөтү каржылаган «Соодага көмөк көрсөтүү» долбоору тарабынан JIA бизнес-ассоциациясы менен биргеликте ишке ашырылууда.

Долбоордун алкыгында 54 аял жана 8 ишкер менторудун колдоосуна ээ болуп, ал эси 33 менти гранттык колдоо алууда.





# «Борбордук Азиядагы социалдык диалог» эл аралык долбоору

Асоциациялардын ролун күчөтүүгө жана иш берүүчүлөр уюмдарынын регион ичиндеги кызматташуусун бекемдөөгө багытталган «Борбордук Азиядагы социалдык диалог» эл аралык долбоору ишке ашууда.

Долбоор 2021-жылдан бери Германиянын Мекленбург-Батыш Померанияcы федералдык аймагынын Экономикалык билим берүү борборунун жана Мекленбург-Передняя Померанияның Иш берүүчүлөр союзунун каржылык колдоосу менен ишке ашырылып келет.

Бизнес
Ассоциация
JIA

# Жаштарды колдоо




JIA Жаштар клубу маалымат, билим-тажрыйба жана каражат табуу үчүн түзүлгөн платформа.

Клубтун алкагында жаш ишкерлер арасында спорттук оюндар, бизнес эртем уюштурулууда.

Эл аралык уюмдар менен аткарылып жаткан долбоорлордун жаштарды өнүктүрүү үчүн багыттары:

- Эл аралык миграция уюму менен мигратттарды каржылык колдоо жана окутуу
- БУУӨПтүн Финляндия Өкмөтү каржылаган «Соодага көмөк көрсөтүү» долбоорунун алкагында жаштарга насаатчылык программасы
- Аймактарда Ишкердикти колдоо борборлору (ИКБ) жаштарга консультация берүүдө
- Жашыл толкун – студенттердин жашыл экономика боюнча маалымдуулугун жогорулатуу, алардын практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү, ошондой эле окуу жайлардын бизнес, мамлекеттик түзүмдөр жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү үчүн аянтча түздү.
- Баткен шаарында биринчи жолу  Энактус Кыргызстан менен биргеликте жаштардын Агрохабы түзүлдү.

Агрохаб жаштарды санариптештирүүгө, лидерликке жана экологиялык таза жашыл технологияларды колдоого багытталат. Маданият министрлигинин Жаштар программасын иштөөгө катышты


# Адвокация - ишкерлердин кызыкчылыктарын коргоо

Бизнес Ассоциация JIA

- Курулуш компаниялардын жетекчилери, юристтери жана бухгалтерлери үчүн «Көп кабаттуу турак үйлөрдү курууга финансылык каражаттарды тартуунун тартиби жана шарттары жөнүндө жаңы жобону талдоо» темасында маалыматтык семинар өткөрүлдү. Бул жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-ноябрындагы № 614 токтому менен бекитилген.
- Салык мыйзамдары боюнча кеңири маалыматтык кампания – «Бизнес агартуу кербени: салык реформасынын чакырыктары жана мүмкүнчүлүктөрү» ишке ашырылды.
- Жашыл экономика форумунун жыйынтыгы боюнча калдыктарды башкаруу тармагын өнүктүрүү үчүн зарыл чаралардын тизмеси камтылган резолюция (мин эконом сайт тиркоо) кабыл алынды.
- Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилип, алар ишкердик субъекттери жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн ставкаларды төмөндөтүүнү карайт.

- Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ИА тарабынан төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди:
  - Салык төлөөчүлөрдүн нөлдүк отчет тапшыруу милдеттемесинен бошотулушу.
  - Таштандыны кайра иштетүүдөн киреше алган жеке жактардын киреше салыгынан бошотулушу.
  - Ошондой эле, Ассоциация бул өзгөртүүлөрдү талкуулоого жана жылдырууга жигердүү катышып, бизнес кызыкчылыктарын активдүү коргоду.
- Коррупцияга каршы күрөшүү стратегиялары иштелип чыгып, ал төмөнкүлөрдү камтыды:
  - Мамлекеттик кызматтарды санариптештирүү аркылуу кызмат адамдары менен түз байланыштарды минималдаштыруу.
  - Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө «бирдиктүү терезе» принцибин киргизүү.
- Кыргыз Республикасынын Ишкердик кодексин иштеп чыгуу алкагында мамлекеттик жана жеке сектор ортосундагы диалогду жакшыртуу үчүн бизнес-ассоциациялардын ролун күчөтүү каралган.

# Медиа жана PR-активдүүлүк



Бизнес
Ассоциация
JIA

Бизнес
Ассоциация
JIA

# Медиа жана PR-активдүүлүк

**1**

2024-жылы JIA Бизнес Ассоциациясы коомчулук менен активдүү байланыш түзүп, маалыматтык ачык-айкындуулукту жогорулатуу максатында бир катар медиа жана PR-иш-чараларды жүргүздү. Жыл ичинде JIA өкүлдөрү 300дөн ашуун маектерди берип, бизнес чөйрөсүндөгү маанилүү маселелерди жана ассоциация-нын ишмердүүлүгүн кеңири чагылдырды.

**2**

Ошондой эле, JIA ар кандай телеканалдарга, радиолорго, басылмаларга жана онлайн платформаларга чыгып, бизнес коомчулугу-нун үнүн жеткирүүгө чоң салым кошту. Социалдык медиадагы активдүүлүк дагы күчөтүлүп, маалыматтык кампаниялар, ма-калалар жана видеокон-тенттер аркылуу ассоциациянын иштери тууралуу коомчу-лукка кеңири маалымат берилди.

**3**

Мындан тышкары, JIA эл аралык жана жергиликтүү конференцияларга, бизнес форумдарга жана башка иш-чараларга катышып, медиа тармагында өзүнүн пози-циясын бекемдөө менен бирге, жаңы өнөктөштөрдү тартууга жетишти.




## Бизнес Ассоциация JIA

Технопарк 2-кабат, 29-кеңсе
Максим Горький көчөсү,½